**Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын**

**№ _7___ Ч Е Ч И М И**

**“__16__” апрель 2021 ж.** **Кызыл-Суу а.**

2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн “Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүү) жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү Кенешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айылдык кенешиндеги №3184 жана №3186 шайлоо участкаларынын шайлоонун жүрүшү боюнча "Клоп Медиа" коомдук фондусунун даттанууларын карап чыгып, төмөнкүлөрдү аныктады:

1. Кызыл-Суу айылдык кенешиндеги №3184 участкалык шайлоо комиссиясынын иштөөсүндө "Клоп Медиа" коомдук фондусунун арызында көрсөтүлгөн фактылар аныкталган эмес, АЭУсынын техникалык үзгүлтүктөр кыска убакытка созулуп техникалык жардам тобу тарабынан АЭУ өз убагында калыбына келтирилген.

2. Кызыл-Суу айылдык кенешиндеги №3186 участкалык шайлоо комиссиясынын иштөөсүндө "Клоп Медиа" коомдук фондусунун арызында көрсөтүлгөн фактылар аныкталган жок, №3186 УШКнын оператору Усекеева Жумакүл Кызыл-Суу айылдык кенешинин жашоочусу №3186 УШКнын шайлоочусу болгондуктан тийиштүү бюллетень алып шайлап жаткан учурун тасмага түшүрүп алышкандыгы аныкталды.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айылдык кенешиндеги №3184 жана №3186 шайлоо участкаларынын шайлоонун жүрүшү боюнча "Клоп Медиа" коомдук фондусунун даттануулары канагаттандыруудан баш тартылсын.
2. Ушул чечимдин көчүрмөсү "Клоп Медиа" коомдук фондусуна жөнөтүлсүн.
3. Чечимдин аткарылышын жана кабарлоо жагы Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Н. Кыдымановага тапшырылсын.

**Аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **Алымбаев Н.Т.**

**Аймактык шайлоо комссиянын катчысы** **Кыдыманова Н.А.**